**«Бекитемин»**
**Кыргызстан эл аралык университетинин**
**Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин**
**ректору, т.и.д., профессор Е.Ю. Савченко**

**«20» ______06______ 2024-ж.**

**изилдөөлөрдүн натыйжаларын ишке ашыруу**

# АКТЫСЫ

1. **Натыйжаларды ишке ашыруунун автору**: Нуриев Д. Ш.
2. **Илимий изилдөө ишинин аталышы:** 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн «Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар: теориялык, тарыхый жана эл аралык укуктук аспекттер» темасындагы диссертациялык изилдөө.

**3. Кыскача аннотация:** Диссертациялык изилдөө негизинен – тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуунун көп баскычтуу тутумунун концептуалдык негиздерин калыптандырууга багытталган. Коюлган максатка жетүүдө төмөнкү теориялык-методологиялык жана практикалык-технологиялык милдеттерди иштеп чыгуунун жана чечүүнүн зарылчылыктары аныкталган:

1)Тынчтыкка жана адамзаттын коопсудугуна каршы кылмыштарды, эларалык масштабдагы дүйнө түзүмүнө терс таасирин тийгизүүчү, өз алдынча окуп-үйрөнүүнү талап кылуучу маселе катары карап, анын теориялык, тарыхый жана эларалык укуктун ченемдери алкагында изилденүүчү тектеш көйгөйлөрдү чечүүдө академиялык талаптарга жооп берчү деңгээлде, жогорку юридикалык окуу жайлардын окуу программаларына сунуштап, илимий иштерди жүргүзүүдө окуу-усулдук сунуштама катары колдонуу ишке ашырылды.

2)Жогорудагы келтирилген шарттамаларга негизделип, студенттерге илимий маселени теориялык жактан талдай билүү жөндөмүн арттыруу боюнча юридикалык адистерди окутуу максатында, диссертациянын өзөгүн түзгөн илимий натыйжаларды жогорку окуу жайлардын тиешелүү бөлүктөрүндө мамлекеттин жана укуктун теориясын жана тарыхын окутууда колдонууга сунушталып, окутулууда. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын ишке ашырууда анын практикалык маанилүүлүгү, изилдөөнүн жүрүшүндө алынган корутундуларды жана сунуштарды колдонууга ыңгайлуу болуп иштелгендигинде турат.

**4. Ишке ашыруу орду жана убактысы:** Изилдөөлөрдүн натыйжалары Кыргызстан эларалык университетинин Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин Юриспруденция жана эларалык укук кафедрасынын жумушчу программаларында коюлган талаптарга ыңгайлаштырылып, лекциялык жана практикалык сабактардын окуу материалдарынан орун алды.

Кыргызстанда соңкужылдарда жүргүзүлүп жаткан соттук реформалардын алкагында кабыл алынган кээ бир ченемдик-укуктук актылардын изилдөө тармагына катышы бар теориялык көйгөйлөрдүн илимдин башка тармактары менен катышын аныктоо жана илимий жактан изилд өө жүргүзүлдү.

**5. Ишке ашыруу формасы:** Кыргызстан эларалык университетинин Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин окуу программасында чагылдырылып, анын алкагында студенттердин бүтүрүүчүлүк сыноолоолорго байланыштуу илимий иштерин жазууда, колдонулган адабияттардын тизмесине кошула баштады.

**4. Ишке ашыруу эффекти:** Изилдөөнүн жыйынтыгында, аракеттеги улуттук жана эларалык ченемдик-укуктук актыларда чагылдырылган, тынчтыкка жана адам заттын коопсуздугуна каршы кылмыштар менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында, маселенин тарыхый, теоретикалык, ошондой эле алардын эларалык-укуктук жаратылышын изилдеп, бул жаатта тажрыйбалык сунуштарды киргизүү ишке ашырылды. Изилдөөнүн натыйжалары окутуу, мыйзам колдонуу жана мыйзам чыгарууда ыйгарым укуктуу субъекттер үчүн колдонмо курал катары түзүлүп, бир катар сунуштарды камтыды.

Негизинен Д.Ш. Нуриевдин диссертациялык ишинин алкагындагы иштеп чыгылган тыянактар, корутундулар жана жоболор, изилдөөдө камтылган маселелер боюнча, юридикалык билим берүүдө мамлекеттин жана укуктун тарыхын окутууда, ошондой эле эларалык укук тармагы боюнча изилденүүчү көйгөйдүн теориялык жана тарыхый шарттарын окуп-үйрөнүүгө шарт түзөт.

Кыргызстан эл аралык университетинин
Окуу-илимий-өндүрүштүк
комплексинин ректору, т.и.д., профессор — Е.Ю.Савченко

Кыргызстан эл аралык университетинин
Окуу-илимий-өндүрүштүк
комплексинин Борбордук кампусунун
проректору, ю.и.к., доцент — С.Б. Карабалаева

Юриспруденция жана эл аралык укук
кафедрасынын профессору, ю.и.д. — Б.М. Алымбеков

КЫЗМАТКЕРЛЕРДИ БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ УПРАВЛЕНИЯ ПЕРСОНАЛОМ

Вышеуказанные подписи заверяю.
Зам. начальника ОУП Туратбекова К.